# Суу – жашоо булагы



Автору: Паринита Шетти
Сүрөтчү: Сунайна Коельо
Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

# Суу – жашоо булагы

Автору: Паринита Шетти
Сүрөтчү: Сунайна Коельо
Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Суу – жашоо булагы" (кыргыз тилинде), Үмүт Жолдошова тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Аруукe Исакова. The Time-Travelling River (англисче) чыгарманын негизинде, автору Parinita Shetty, сүрөтчүсү by Sunaina Coelho © Pratham Books, 2020 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/119223-the-time-travelling-river

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Миңдеген жылдар бою дарыя адамдын өнүгүү тарыхына күбө болуп келет.



Эки дарыя эч качан бири-бирине окшобойт. Ал гана эмес, бир эле дарыя жыл мезгилине жана айлана-чөйрөгө жараша бир нече жолу өзгөрүп турат.





Кышында айрым дарыялар жай агат.

Жайында суу тартылып, кээ бир дарыялар азаят.

Жазында буркан-шаркан түшүп, ташкындайт.

Дарыялар ар кандай түстө: күрөң, боз, көгүлтүр, жашыл же дагы башка түстө болушу мүмкүн. Алардын түсү айлана-чөйрөгө жана суунун ичиндеги бөлүкчөлөргө жараша болот.





Кээде дарыянын түсү жер кыртышынын өңүндөй болот. Кээде асмандай болуп көгүлтүр келет. Дарыянын нугу да улам өзгөрүп турат. Азыр дарыя бир нук менен акса, кийинчерээк башка жерден агып калышы мүмкүн.

Дүйнө жүзүндө дарыялар абдан көп. Азыр биз Индиядагы Ганг дарыясы тууралуу кеп кылабыз. Ганг сыяктуу ири дарыялар миңдеген жылдар бою агат. Алар адамзаттын өнүгүшүнө күбө болуп келишет.

Адамдар ар дайым суунун жээгинде жашаган. Анткени дарыя адамды багат.



Дарыя биздин дасторконду балык сыяктуу көптөгөн тамак-аш менен камсыздайт. Ошондой эле дарыя азык-түлүк өндүрүү үчүн да колдонулат.

Бирок көптөгөн адамдар дарыяны таштанды жана саркынды суулар



Дарыя адамдан башка көптөгөн жандыктарды багат. Дарыя канаттууларга, өсүмдүктөргө, жаныбарларга, балыктарга жана башка жандыктарга жашоо тартуулайт.





Дарыяда көп түрдүү жандыктар жашайт.
Мисалы, Амазонка дарыясында
мала кызыл дельфинди көрүүгө болот.

Илгери Инди дарыясынын боюнда дүйнөдөгү эң байыркы цивилизациялардын бири жаралган. Дарыя жээгинде жашоо гүлдөп, шаарлар курулган.



Байыркы Инди өлкөсүндө адамдар дарыя менен башка өлкөлөргө саякатташкан. Дарыя менен оокаттарын ташып, соода-сатык өнүккөн.





Гүлдөп турган Байыркы Инди цивилизациясы 3000 жыл мурун жок болгон. Анын себеби, сууну ысырапгаган адат болгон окшойт. Түшүмдү мол алуу үчүн дарыялардын нугун буруп, суусун агызып кетишкен.

Суу ташкыны адамдардын өмүрүн алып, үйлөрдү кыйраткан. Күркүрөгөн дарыядан корккон байыркы адамдар суугa жалынып, ар кандай ырымдарды жасап, ташкындаган дарыяны жоошутууга аракет кылышкан. Бирок бул жакшы жыйынтык берген эмес.





Байыркы доордогу көрүнүштөр азыр деле кайталанууда.

Дарыя бүгүнкү күндө деле тамак-аш өндүрүү үчүн колдонулат. Дарыяда кемелер жүрөт. Адамдар дарыяларга каналдарды куруп, суу жетпеген жерге суу алып барышат.

Дарыянын агымын көзөмөлдөө, сууну сактоо жана суудан электр энергиясын алуу үчүн адамдар чоң дамбаларды курушат.

Бирок адамдын кийлигишүүсү дайыма эле жакшы жыйынтык алып келе бербейт. Анткени дамбалар менен каналдар курулганда, башка жандыктарга жана өсүмдүктөргө суу жетпей калып, жаратылышка чоң зыян алып келет.



Көп адамдар дарыялар жөнүндө өтө аз билишет. Дарыя кантип жашаарын, кантип жок болорун түшүнө беришпейт.

Сууну ысыраптап, заводдордун саркынды сууларын төгүп, дарыяны абдан булгашат.

Ушундай жаман жосундарды уланта берсек, келечекте эмне болот?



Достор, келгиле, мезгил машинасына түшүп алып, келечектеги дарыянын абалын көрөлү.


Эгер адам дарыяга начар мамиле кыла берсе, келечекте көптөгөн дарыялар соолуп калат. Далай өлкөлөр суу талашып, согуш башталат. Суу тартыш болуп, канчалаган жер какыраган чөлгө айланат.



Эгер адам сууга аяр мамиле жасап, табигат менен таттуу мамиледе жашаганды үйрөнсө, келечек жаркын болот.

Адамдар дарыяны сактаганды үйрөнөт. Таза сууну аяр колдонот, саркынды сууну тазалап, кайра иштетет. Сууну жоопкерчилик менен пайдаланат. Дарыялардын суусу мол болот.



Жаркын келечекти куруу адам үчүн оңой эле. Анткени дарыяларды сактоо үчүн адамдардын билими менен технология жетиштүү.

Дарыялар миңдеген жылдар бою бизге кам көрүп келген. Азыр кээ бир мамлекеттер дарыяларды сактоого аракет кылып жатышат.



Адамдын укугу сыяктуу эле, дарыялардын дагы жашоого укугу бар. Кимдир бирөө дарыяга зыян келтирсе, анда ал кадимки эле кылмышкер болуп эсептелет.





Балдар жаркын келечекти талап кылууда.

2015-жылы 11 жаштагы Стелла Боулз жергиликтүү бийликтен булганган дарыяны тазалоону талап кылган. Чоңдор анын талабын угуп, дарыяны тазалашкан. Азаматсың, Стелла!




Дүйнө жүзүндө балдар жаратылышты сактоо үчүн жакшы иштерди жасоо керектигин чоңдорго эскертүүдө. Биздин жаратылыш бирөө гана! Аны жоготуп алсак, баарыбызга жаман болот.



Амазонка дарыясы,
Деңиз деңгээли көтөрүлүүдө!
Климат өзгөрүүдө.
Сууну сактагыла!

Дарыяларды тазалоо иши эч качан бүтпөйт. Анткени улам барган сайын адамдар көбөйүп, фермалар менен заводдордун саны өсүүдө.

Биз суууга гана эмес, жалпы жаратылышка аяр мамиле жасашыбыз зарыл!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автору: Паринита Шетти
Сүрөтчү: Сунайна Коельо
Которгон жана адаптациялаган:
Үмүт Жолдошова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | **4.1 деңгээли** |
| | 4.2 деңгээли |